
84.5.
П-32.

Людмила Пиотровская

# ЫСЫК-КӨЛ ЫРГАКТАРЫ



84.5(2Ки)
П-32

Людмила Пиотровская

# ЫСЫК-КӨЛ ЫРГАКТАРЫ

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271370

Каракол -2013

Л.Пиотровская

«Ысык-Көл ыргактары»
«Ритмы Иссык-Куля»


ТҮШҮМ
МАЙРАМЫ

# КАНЫ ОРУС, ДИЛИ КЫРГЫЗ ТАЛАНТ

Мен орусмун бирок сүйөм кыргыз тилди,
Каным орус дитим кыргыз,- деп айтып мен,
Таң калтырып жүрө берем эчен элди.
Кыргыз элим, кыргыз тилим – бактылуумун,
Кичинемден сени окуп билгенимдин –

мына ушул ыр саптары орус кызы, акын Пиотровская Людмила Трофимовнага таандык. Муну окуп көрүп, Людмиланын кыргыз тилинин улуулугун жан дили менен сезип, анын ыйыктыгын бийик баалап сүйө билгендигине суктанбай коё албайсың.

Биз саптары уйкашып, мааниси-маңызы жок саптарды ыр деп жүрөбүз. Людмиланын бул ыр саптарында уйкаштык деле жок, муун өлчөмдөрү деле сакталбайт. Бирок, бул ыр саптары жакшылап баамдап, терең ой жүгүртүп окуган жанды терең ойго салып, обонго келип турат...

Людмила Түп районундагы (азыркы Ак-Суу району) Чолпон айылында туулуп-өскөн. Орто мектепти кыргызча окуп бүтүрүп, Каракол шаарындагы педагогикалык окуу жайында окуп, башталгыч класстардын мугалими деген адистикке ээ болгон.

Бул жерде айта кетүүчү дагы бир кызык сөз, окуу жайды бүтүргөн соң ага орус мектебине мугалимдикке жолдомо берилген. Бирок Людмила орусча туура сүйлөй албай балдарга шылдың болом деп мектепте иштөөдөн баш тарткан.

"Ысык-Көл ыргактары" китеби басмадан чыгып жатат. Анда "каны орус – дили кыргыз" акындын эл, жер, ынтымак, достук, турмуш жана башка темалардагы ар кыл ырлары орун алган.

Акындын “Кыргызстаным саламатпы?!” деген ырында

“Сүйүктүү Кыргызстаным саламатпы!
Саламын өз кызыңдын кабыл алгын.
Олтурдум ойго түшүп ар нерселер,
Жазууга мажбур болдум ыр саптарды.

Мен жүрөм медер байлап мекениме,
Башканын карабаймын эч жерине.
Сен гана ылайыктуу сулуу жерим,
Жашоонун берекесин бергенинде” –

деп жазылат. Буга эч кандай комментарий берүүнүн кажети жок. Людмила кыргыз жаштарына Кыргызстанды жүрөгүндөй, ата-энесиндей сүйүүгө чакырык таштап турат.

**Соңку сөз:**

Людмила, өзүңдү орусмун дебей, кыргыздын кызымын деп сезип канаттуу ырларды жүрөгүнө уялатып, поэзия ааламына көгүчкөндөй учура бер деген тилекти айтмакчыбыз.

**Жыргалбек Апазов, акын**



**Автордон**

Саламатсыздарбы, урматтуу окурмандар!

Бул алгачкы китебимди силерге арнап жазгым келди. Ошондуктан кемчиликтеримди кечирип коюңуздарды суранам. Көп жылдар бою редакцияга тапшыргым келип, шартым болбой турган. Жок дегенде бир, эки ырым гезитке чыкса, бактылуу болор элем деп эңсегем. Бир, эки эмес, андан көп чыга баштаган. Эми болсо, китеп чыгарууга сиздердин мага берген мекендештик мамилеңер чоң жардам берди. Мен силерге чын жүрөктөн ыраазычылык келтирем. Менин ар бир чыгармам Мекениме, жериме, кыргыз тилиме, силерге арналат.

Мен, Пиотровская Людмила Трофимовна, кыргыз тилиндеги 8-классты жана Каракол шаарындагы педагогикалык окуу жайын кыргызча бүтүргөм. Бирок иштегенге орун жок болгон. Орус мектепке баргым келген жок. Кыргыз тил факультетин аябай эңсегем, ал убакта Караколдо жок эле. Бирок мен кыргыз тилимди эч качан унуткум келбейт жана унутпайм. Мен силер менен, мекендештерим!!!

# МЕКЕН БӨЛҮМҮ

## Кыргызстаным саламатпы!

Сүйүктүү Кыргызстаным саламатпы,
Саламын өз кызыңдан кабыл алгын.
Отурдум ойго түшүп ар нерселер,
Жазууга мажбур болдум ыр саптарды.

Мекеним кең кыргыздын арасында,
Турмуштун кызыкчылык калаасында.
Деним сак кубанычта жашап жатам,
Мен үчүн кам көрүп жатканыңда.

Сенден кетсем Кыргызстаным кантип жашайм,
Ар кай жерде тентип жүрсөм кантип жыргайм.
Баардыгын салыштырып ойлоп турсам,
Баардыгы Мекенимдей кымбат турбайт.

Мен жүрсөм медер байлап Мекениме,
Башканын теңебеймин эч жерине.
Сен гана ылайыктуу сулуу жерим,
Жашоонун берекесин бергениңде.

## Кыргызстан менин Мекеним

Карачы эркин элимди,
Жарашат сулуу жериме.
Карачы байлуу жеримди,
Жарашып турат элиме.

Сүйүктүү менин Мекеним,
Ак көңүл менин элдерим.
Бирине бири жарашып,
Ыйыктуу экен дегеним.

Кыргызстанда төрөлүп,
Кыргыз сөзүн окудум.
Кыргыз тилди үйрөнүп,
Сүйүктүү кызы мен болдум.

Сүйүктүү биздин Мекенди,
Алмаштырбайм эч жерге.
Пейилдүү менин элимди,
Окшоштурбайм эч кимге.

Бактылуумун деп жүрөм,
Кыргызстанда төрөлүп.
Суктанып, карап жериме,
Кооз деп сүйүнөм.

Баталап берген жери үчүн,
Кудайыма сүйүнөм.
Кудайыма ар дайым,
Ыраазы болуп жүгүнөм.

Кудай бизди жаратты,
Батасын берип жашатты.
Супсулуу кылып жерлерин,
Баарыбызга таратты.

Ыраазычылык келтирип,
Таазим кылып жүрөйүн.
Кечирим сурап Кудайдан,
Күнөөсүз жашап көнөйүн.
Кызмат кылып элиме,
Ак ниет кызы болоюн.

## Менин Кыргызстаным

Супсулуу менин Кыргызстаным
Таза аба сенде Кыргызстаным.
Көпкөк асман көгүлтүр Ысык-Көлдү,
Чагылтырып турат, сууларың, тоолоруң,
Жапжашыл бактарың Кыргызстаным.

***Кайырма:***
*Менин үйүмсүң Кыргызстаным,*
*Чоң үй-бүлөөм Кыргызстаным.*
*Сүйүктүүм баарынан кымбаттуум,*
*Сүйөмүн сени Кыргызстаным.*

Сүйүүң менен жылытып турасың,
Мени, элиңди Кыргызстаным.
Бапестеп бизди коргойсуң,
Ыраазымын сага Кыргызстаным.

***Кайырма:***
*Менин үйүмсүң Кыргызстаным,*
*Чоң үй-бүлөөм Кыргызстаным.*
*Сүйүктүүм баарынан кымбаттуум,*
*Сүйөмүн сени Кыргызстаным.*

Көп улут жашайт сенде Кыргызстаным,
Баары мен үчүн туугандарым.
Түбөлүктүү менин Мекеним,
Сыймыктуу менин Кыргызстаным.

***Кайырма:***
*Менин үйүмсүң Кыргызстаным,*
*Чоң үй-бүлөөм Кыргызстаным.*
*Сүйүктүүм баарынан кымбаттуум,*
*Сүйөмүн сени Кыргызстаным.*

## Мекеним Кыргызстан

Кыргызстан Мекенимдин жеринде,
Мен туулдум, чоңойдум, окудум.
Тарбия алып жакшынакай элимде
Тажрийбалуу мугалимден үйрөнүп,
Болочокто бактылуудан мен болдум.

Рахмат сага сүйүктүү Мекеним,
Бактылуумун сенде туулуп өскөнүм.
Башка жерге салыштырсаң өзүңдү,
Эч кайсы жер сага жетпейт Мекеним.

Сенин элиң сүйүктүү менин элим
Сенин жериң кымбат баалуу менин жерим,
Сыймыктанам, сенин кооз жер бетиңе,
Жарашкандан жарашат да Мекеним.

Байлыгың көп, элиң да көп,
Шаркыраган сууларың көп,
Шурудай тизилген тоолоруң көп.
Карагай, түрлүү гүлдөр, чөптөрүң бар,
Эс алып, дарыланган жайларың көп.

Сүйгөн элим, сүйгөн жерим,
Пейлиң кенен боорукерсиң.
Баарын сүйүп кучагыңа,
Жыйып алып турмуш бердиң.

Көп улуттуу менин жерим,
Ынтымактуу менин элим.
Сыймыктанам дайыма сага,
Рахмат сага кыргыз жерим,
Сүйүктүүм, кымбаттуум Мекеним.

## Мекенимдин байлыгы

Мекенимдин байлыгын карачы
Тоолору көп шурудай тизилген.
Карагайлар сулуу кыздай созулуп,
Бири-биринен кооз болуп себилген.

Карачы эркин жериме
Жарашат байлык жарашат,
Байлыкта иштеп ардагер
Алдыда жүрүп баратат.

Изилдеп жерди жүргөндөр
Иштетип кенди бүткөндөр,
Ак ниет эмгек кылышып,
Мекенди сүйүп жүргөндөр.

Ашуудан бийик өткөндөр,
Сары-Жазда жүргөндөр.
Кең байлыкты изилдеп,
Сүйүнүп турат көргөндөр.

Мекенимдин бир чети эле,
Көз алдымда турганы,
Карап турсаң Түргөн, Көөлү,
Кургак жана Эңилчек,
Далай жерде жатканы.

Шаркырап аккан суулары,
Оттук жана Сары-Жаз,
Байкап турсаң кызыгып,
Баары сонун жарашат.

Жыргаланда көмүр бар,
Жыргаланда курорт бар.
Ысык-Көлдүн тегереги,
Жалаң курорт карасаң.

Көл жээгинде рахаттанып
Эс алгандар жүрүшөт.
Күн нуруна ысып турган,
Кумдарында жатышат.
Дарыланып айыккандар,
Сыймыктанып калышат.

Уч кыйрына көз жетпеген,
Мекенимди карасаң,
Бир бурчуна көз жүгүртүп,
Байлыгы көп байкасаң.

Дагы көп сырлары бар,
Мекенимдин – мен билбеген,
Дагы көп иштери бар,
Элимдин – күчү жетпеген.

Байлыгыңдан кагылайын,
Менин сүйгөн Мекеним,
Бек кучактап элди багып,
Элди сүйүп бапестеген,
Рахмат сага Мекеним.

Мекенимде жашаган эл,
Көңүл менен жүрүшөт.
Жумушсуздук болсо дагы,
Үмүт менен сүйлөшөт.

Чоң бакытка бир аз жетпей,
Жумуш болсо баарына,
Завод менен фабрика,
Жарашат эле жашына.

Сүйүү болсо достук болот,
Тынчтык болсо өмүр болот.
Суу болсо баары бүрдөп,
Ар бир үйдө бакыт болот.
Кудай менен бирге болсоң,
Баталары сенде болот.

**Менин сүйгөн Мекеним!**

Менин жерим, менин элим,
Менин сүйгөн Мекеним.
Кайда жүрсөм сагындырып,
Түшкө кирет мекендешим.

Мен жүрөмүн сыймык менен,
Мен жашаймын бакыт менен.
Кымбат баалуу, тоосу бийик шуру сымал,
Рахаттанам сулуу, сулуу өрүк, алма бактар менен.


Күзгү сымал көлүм турат мелт-калт болуп,
Толкундары жарышкансып чабак уруп,
Күндүн нуру төгүлгөндө карасаң,
Кеткиң келбейт байкап турсаң сүйүнүп.

# *КЫРГЫЗ ТИЛ БӨЛҮМҮ*

## Кыргыз тилим

Кыргыз тилим мен үчүн ыйык тил,
Кыргыз тилим мен үчүн байлык тил.
Кыргыз тилим менин сүйгөн мекеним,
Эч бир нерсе теңе албаган сага тил.

Кыргыз тилим сен болбосоң багым болбос,
Кыргыз тилим сен болбосоң достук болбос.
Бир гана кыргыз тилим адам кылып окуттуң,
Кыргыз тилим сен болбосоң элим болбос.
Сен болбосоң бары болбос!



## Кыргыз тили

Мен орусмун бирок сүйөм Кыргыз тилди,
Каным орус дитим кыргыз деп айтып мен,
Таӊ калтырып жүрө берем эчен элди.
Кыргыз тилим, Кыргыз тилим бактылуумун,
Кичинемден сени окуп билгенимди.

Бир кезекте эӊсеп жүрдүм Кыргыз тилдин факультетин,
Жетпей калгам алыс жакта окуу жайы.
Жашым өтүп жашап калган кезекте,
Караколдо ачылыптыр Кыргыз тилдин факультети.

Уккан кезде, арман менен кайгырдым,
Кеч болгондо эч бир айла таппадым.
Кыргыз тилден сабак бербей турсам да
Сыймык менен Кыргыз тилди барктадым.

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271370

## Армандуу менин кыргыз тилим

Окууга жашым жете элек кезде,
Кыздар менен барганмын мектепке.
Ошондо эжейим партага отур деп,
Колума карматты карандаш, кагазды.
Ошентип окудум кыргызча мектепте.

Ыраазымын эжейге эсимен кетпеген,
Кыргыз тил сабагын жакшылап билдирген.
Сүйүктүү болуп мектебим менин,
Өмүрүмө жашоонун жолун берген.

Сабактын баарын жакшы көрчүмүн,
Эжейди, агайды кунт коюп укчумун.
Бирок баарынан Кыргыз тил сабагын,
Сыймык менен окуп билчүмүн.

Оо, менин Кыргыз тил сабагым,
Факультетке бара албай калганым.
Өкүнөм, өкүнөм жана күйүнөм.
Эңсеген окууга жетпеген арманым,
Убагында айласын таппадым.

# КАРАКОЛ БӨЛҮМҮ



## Сүйгөн шаарым Каракол

Сүйгөн шаарым Караколдо жашайм,
Супсулуу көчөлөрдө басам.
Жапжашыл теректин абасы бар,
Абадан тептерең дем алам.

Бир кезде бактарды бапестеп,
Аталар, энелер тигишкен.
Биз үчүн кам көрүп чоңойтуп,
Бактылуу жашасын деп келген.

Ыраазымын аталар, энеге,
Биз үчүн кам көрүп келгенге.
Келегой жердешим биргелеп иштейли,
Бактарды сындырбай, тазалап карайлы,
Аталардын эмгегин жоготпой барктайлы.

## Баталуу шаарым Каракол

Күндүн нуру тийип турат шаарыма,
Канаттуулар учуп жүрөт асманда.
Шашып жүрөт ары-бери элдерим,
Жумуштарда, окууларда жана башка жайларда.

Парктын ичин карап турсаң суктанып,
Тыйын чычкан ойноп турат чуркашып.
Конокторду чакыргансып ийилип,
Бактар турат таза абасын чачышып.

Эс алганы элдер келет күнүгө,
Таза абадан дем алышып сүйүнө.
Чымчыктардын сайраганы угулуп,
Күч кубатты кошуп турат көңүлгө.

Супсулуу парк шаардын көркүн келтирет,
Окуу жайы студенттерге эп келет.
Кайда барсаң мектеп жана дүкөндөр,
Баары сенин көңүлүңө шарт берет.

Эмгеги сиңген адамдарга
Эстеликтер, ардак такта!
Кам көрүп баалагандар,
Рахмат, шаар башчыларына.

Кудайым жерди жаратып,
Батасын берип жашатып.
Батасын алып күнүгө
Каракол эли баркталып.

## Каракол шаарым көрктөнүп

Күн нуру жерге төгүлүп,
Жер бети көккө бөлөнүп,
Жаз айы келди биз жакка,
Каракол шаарым көрктөнүп.

Келгиле достор биргелеп,
Көчөгө көрктү берели.
Мелтиретип тазалап,
Сулуулукка жетели.

Биз үчүн кымбат шаарыбыз,
Сүйүүнү берсек баарыбыз.
Ааламга жетип биздин шаар,
Татыктуу болсун баркыбыз.

Бүт жер жүзүн жараткан,
Кудайга таазим кылалы.
Биз үчүн берген батаны,
Эмгек менен баалайлы.

# ЫСЫК-КӨЛ БӨЛҮМҮ

## Ысык-Көл

Кыштын күнү тоңбогон,
Касиеттүү Ысык-Көл.
Көпкөк болуп мелтиреп,
Супсулуусуң Ысык-Көл.

Көл жээгинде кумдарың,
Ысып турат Ысык-Көл.
Алыстан элди чакырып,
Даарылайсың Ысык-Көл.

Кайыкка түшүп турсам да,
Чабак уруп жатсам да.
Көңүл буруп сен мага,
Толкунданып каласың.
Сүйүктүү менин Ысык-Көл,
Көз алдымда турасың.



## Мен көлүмдү сагындым

Мен алыста жүргөндө,
Сагынып жүрдүм көлүмдү.
Качан кайра барам деп,
Санап жүрдүм күнүмдү.

Сүйүктүү менин көлүмдү,
Неге таштап кеттим деп.
Капа болуп күнүгө,
Кайталап жүрдүм сөзүмдү.

Эстеп жүрдүм көлүмдү,
Ак чардак учуп жүргөндү.
Эсимден чыкпай турчу эле,
Кайыкка түшүп жүргөндү.

Ысып турган кумдарда,
Эс алып, жатып турчу элем.
Булуттар жылып турганда,
Далайга карап турчу элем.

Көк асман менен күн нурун,
Көл үстүндө көрчү элем.
Толкундар менен жарышып,
Чабак уруп турчу элем.

Мына ошентип көлүмдү,
Сагынганда кейигем.
Качан көлгө жетем деп,
Кетер күндү эңсеген.

Эгер жетсем көлүмө,
Эч кайда чыкпайм түнүлө.
Оюмдан такыр кетпеди,
Тезирээк жетсем үйүмө.

Деп – алыста жүргөндө,
Жүрөгүм сыздап ооруду.
Турган сайын сагынып,
Көңүлдө тынчтын болбоду.

Түшүмө кирип тоолорум,
Басып өткөн жолдорум.
Элим менен жүргөнсүп,
Теңтуштар менен күлгөнсүп,
Бүдөмүк кирип түшүмө!

Сагынып жүрдүм жарманы,
Даамдуу болгон айранды.
Каймактаган чайларды,
Үйгө батырак кетсем деп.
Кетпей койду ойлорум!

Ушинтип жүрүп алыста,
Айтып жүрдүм арманды.
Үйүмө кайтып келгенде,
Жазгым келди бул ырды.

# КУТТУКТОО БӨЛҮМҮ



## Урматтуу Атамбаев Алмаз Шаршеновичке

Ордуңуз кут болсун,
Ишиңиз бекем болсун.
Эл үчүн кылган кызматта,
Колуңузга береке толсун!

Биздин бекем жөлөгүбүз,
Сиз болдуңуз Агайым.
Кошуп берген пенсияга,
Чоң алкыш Сизге атайын.

Ден-соолукта болуңуз,
Баталуу болсун оюңуз.
Жумушсуздук жоюлуп,
Ак жолтой болсун жолуңуз.

Мекенибиз гүлдөсүн,
Жердин баары бүрдөсүн.
Элибиз болуп бактылуу,
Шайыр шаңдуу үндөсүн.

Саламатта туруңуз,
Кудай менен болуңуз.
Батасын алып ар дайым,
Атактуу президент болуңуз.

## Шаардык кеңештин төрайымы Жумабекова Акылсайра Кадыралиевнага

Куттуу болсун ордуңуз,
Берекелүү болсун жолуңуз.
Жылдыздуу турган маңдайың,
Жүрөктөн чыккан жылуулук,
Төгүлүп турсун ар дайым.

Баталуу болсун ишиңиз,
Барктуу болсун жериңиз.
Мээримиңиз түгөнбөй,
Бактылуу болсун элиңиз.

Ден-соолукту каалайын,
Кудайдан бата сурайын.
Жашоодо болсун ийгилик,
Бактылуу болуп ар дайым.

Биринчи жолу барганда,
Мээримдүү сөздү укканда.
Ыраазы болуп көңүлүм,
Кубанычка толуп турганда.

Алкышымды айтайын,
Ыр сапка Сизди жазайын.
Жогорку Кеңешке жетсин деп,
Тилек кылып самайын.

Ушуну менен бүтөйүн,
Жакшы ой менен жүрөйүн.
Жогоркудан кезиксек деп,
Үмүтүмдү үзбөйүн.

## ЫМУнин биология кафедрасынын окутуучусу Качекова Шарипа эжейге

Салам айтып мен Сизге,
Ырга кошуп жазайын.
Куттуу болсун майрам деп,
Жакшы каалоо айтайын.

Ийгилик болсун ишиңде,
Ынтымак болсун элиңде.
Бекем болуп ден-соолук,
Тынчтык болсун жериңде.

Саламатта болуңуз эжеке,
Колуңузда болсун береке.
Эч качан капа болтурбай,
Кудайым Сиз менен болсун эжеке.

Ушуну менен бүтөйүн,
Кат жообун Сизден күтөйүн.
Кат жообу качан келет деп,
Үмүтүмдү үзбөйүн.

## Журналист Жаналиева Шейшеканга

Туулган күнүң кут болсун Шакентайым,
Ден соолугуңду дайыма мен каалайын.
Күн нурундай чачырап ар дайым,
Элиң үчүн сүйүктүү жылмайганың,
Түгөнбөсүн эч качан Шакентайым.

Туулган күнүңдү куттуктап мен келдим,
Ийгилигин ишиңдин мен тиледим.
Эл үчүн даңкың чыгып ар дайым,
Жылдыз сымал маңдайың карыбасын,
Ырга кошуп өзүңдү жаза келдим.

Туулган күнүң 100 жылга узарсын,
Элиң сени бапестеп сыйласын.
Эмгегиңдин үзүрүн көрүп ар дайым,
Бактылуу бол, баталуу бол түбөлүк,
Шакентайым! Кудай сени жалгасын!

## Каракол шаардык социалдык өнүгүү бирикмесинин башчысы Аблабекова Чынарага

Сүйүктүү Чынара турганда,
Биз үчүн кызмат кылганда.
Көп жылы иштеп талыкпай,
Ардагер болуп жатканда,
Эмгеги турат билинип.

Кубанып салам берейин,
Кут болсун деп келейин.
Ден-соолук бекем болсун деп,
Кудайдан бата тилейин,
Алкыш айта кетейин.

Чынар айымга ыраазыбыз,
Кайрылгандар баарыбыз.
Ийгилик болсун ишиңде,
Бактылуу болгун элиңде,
Биз каалайбыз жалпыбыз.

## Менин сүйүктүү врачым Иманалиева Динарага арноо

Бул ырымды Сизге арнап жазамын,
Чын жүрөктөн алкышымды айтамын.
Ооруп келсем кабинетке кыйналып,
Тез эле Сиз көңүл коюп каласыз.

***

Көп оорудан айыктырдың Динара,
Сүйүү менен жардам берип Сиз мага.
Дайыма Сизге ыраазы болуп жүрөмүн,
Унутпастан жакшылыкты далайга.

***

Ден соолугуңуз бекем болсун ар дайым,
Иштериңиз баталуу болсун күн сайын.
Элге кылган кызматыңыз чоңоюп,
Атактуу врач болуп жүргүн ардагым.

## Гимназиянын директору Осмоналиева Гүлиза Осмоналиевнага

Нооруз майрамыңыз менен эжеке,
Колуңузда толуп турсун береке.
Ийгиликтер болуп турсун ар дайым,
Ден соолугуңуз бекем болсун эжеке.

Көп жылда иштеп жатасыз,
Сыймыкта болуп турасыз,
Гүлдөтүп туруп мектепти,
Иштеген ишти баалайсыз.

Мен Сизге раазы болуп турамын,
Чын пейилден рахматымды айтамын.
Мага берген жардамыңызды унутпай,
Өмүр бою жакшылыкты каалаймын.

**Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкананын директору Мусиева Зоя Бектургановнага**

**Эмгеги сиңген, сылык-сыпат элге кылган мамилесине ыраазычылык келтирем.**

Сулуу, сулуу биздин сулуу Зоя бар,
Карап турсаң ардагерге жолу бар.
Ардак такта айтып турат баарына,
Биздин ишкер, биздин сыймык, баркы бар.

Чоң сүрөтүн көрүп калып кубандым,
Кут болсун деп, бир аз сапты арнадым.
Ден-соолугу бекем болсун болоттой
Жакшыларды, узун өмүр кааладым.

**Каракол шаарынын тургуну, китепкананын окурманы Пиотровская Людмила Трофимовна**

**Абдрахманова Айнура Советбековнага**

Абдрахманова Айнура Советбековна, Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкананын башкы библиографы болуп иштейт. Мен Айнураны көп жылдан бери тааныйм. Окуу залда отурганымда, көп суроолоруma көңүл коюп, жооп берет. Кеңеш сурасам кеңешин берет. Өзү ак көңүл, маңдайы жарык, мага кылган мамилесине ыраазымын. Ал өзү негизи 25 жылдык эмгеги менен иштөөдө. Бул китепканада 21 жыл эмгеги менен иштеп келе жатат. Мен бул китепкананын жалпы кызматкерлерин абдан жакшы көрөм. Кызматчылары көп, баарынын мүнөзүн биле элекмин. Азырынча Айнуранын мүнөзүнө токтолом. Айнура эки кыздын энеси. Сабытбаев Алмаздын жолдошу.


Мен Айнураны жакшы көрөм, анын мага кылган мамилесине, көңүл бурганына, кеңешин аябаганына, менин чыгармаларыма кубаныч менен көңүл бурганына алкышымды айткым келет. Алдыда келе жаткан 1-май майрамы менен куттуктайм.

Куттуу болсун майрамың,
Ден-соолуктуу болгун ар дайым.
Иштеген ишиң уланып,
Бактылуу болсун жылдарың.

Сүйкүмдүү бол жериңде,
Сүйүктүү бол элиңде.
Барктуу болуп үйүңдө,
Баталуу болгун ишиңде.

Деп,- ыраазычылык келтирем,
Иштериңе берилем.
Мага кылган мамилең,
Түбөлүккө эскерем.

Ушуну менен бүтөйүн,
Ырга кошуп үндөйүн.
Бата сурап кудайдан,
Сен үчүн үмүт үзбөйүн.



## Нурметова Диляра Наровнага

Куттуу болсун майрамың,
Баталуу болуп кызматың.
Ден-соолук болуп темирдей,
Бактылуу болсун балдарың.

Маңдайың жарык Диляра,
Кам көрөсүң баарына.
Кимге жардам берсем деп,
Ойлоносуң дайыма.

Раазы болуп элибиз,
Баталуу болуп жерибиз,
Сизден чыккан мээримден
Оңолуп калат ишибиз.

Рахмат Сизге Диляра,
Жакшылыкты каалайын.
Жүзгө жаша Диляра,
Ийгилик болсун ар дайым.

## Судмедэкспертизанын Ысык-Көл облбюросунун кызматчысы Исаева Айнурага

Туулган күнүң кут болсун,
Ден-соолугуң бек болсун.
Кудай сени баталап,
Өмүрүңдө даңк болсун.

Байсалдуу болсун иштериң,
Бактылуу болгун дегеним.
Каалаган максат сен үчүн,
Аткарылсын жалгасын.

## Соодагер Айнурага

Куттуу болсун үйүңөр,
Бактылуу болгун өзүңөр.
Ынтымактуу болуп үй-бүлөө,
Түгөнбөсүн сүйүүңөр.

Ийгиликтүү болсун ишиңер,
Баталуу болсун жериңер.
Ден-соолук болуп темирдей,
Сүйүп турсун элиңер.

Бир аз ырды жазууга,
Оюм келип калыптыр.
Үйүнүздү куттуктап,
Жолум сизге барыптыр.

Ушуну менен бүтөйүн,
Эсиме алып жүрөйүн.
Батасын берсин Кудайым,
Деп силерди ойлойун.

## Биздин офис - Хаят Бюти компаниясы

Биздин офис супсулуу,
Роза менен бактылуу.
Топ-тобу менен элибиз,
Кетишет дайыма олжолуу.

Биринчиден ден-соолук,
Бекемдеп алат элибиз.
Экинчиден баталуу
Колго тиет энчибиз.

Биздин бизнес ушундай,
Жолу сонун укмуштай.
Баталап берди Кудайым,
Алалычы калтырбай.

Разычылык келтирип,
Роза эжейге баралы.
Айлык менен бадыны,
Роза эжейден алалы.

**Хаят Бюти компаниясы**

Ден-соолукту берип турган,
Хаят Бюти ишибиз.
Баталууда гүлдөп турган
Эң сүйүктүү жерибиз.

Хаят Бюти, Хаят Бюти,
Жашай берет кылымдап.
Хаят Бюти, Хаят Бюти
Жаркырап турат жылдыздан.

Ынтымакта жашап турган,
Бактылуу биздин элибиз
Сулуулукта, ден-соолукта,
Бай жашоодо энчибиз.

Хаят Бюти, Хаят Бюти,
Жашай берет кылымдап.
Хаят Бюти, Хаят Бюти
Жаркырап турат жылдыздан.

## Хаят Бюти компаниясынын вице-президенти Далиева Роза Эшеновнага

Машинаңар кут болсун,
Ден соолугуңар бек болсун.
Ийгиликтүү болуп ишиңер,
Офиске дайым нур толсун.

Баталуу болуп жүрүңүз,
Ишке ашсын оюңуз.
Сүйкүмдүү болуп элиңде,
Атактуу ишмер болуңуз.

## 2013-жылы 8-март аялдар күнүндө, Хаят Бюти компаниясы өзүнүн кызматчыларына белек тапшырганда Ырыскүлгө компьютер тапшырылды

Куттуу болсун белегиң,
Олжолуу болгон эмгегиң.
Ден-соолук болуп ар дайым,
Баталуу болгун элдердин.

Сүйүктүү биздин Ырыскүл
Хаят Бютиде иштеген
Жылмайып бизди сүйөсүң,
Мээримиң бизге берилген.

Сүйүнүп сени куттуктап,
Жүрөктөн чыкты жалыным.
О, менин сүйгөн коллегам,
Бактылуу болгун жылдыздан.

Сүйүктүүсү элиңдин,
Сүйкүмдүүсү ишиңдин.
Баарыбызга нур чачкан,
Бактылуу кызы Мекендин.
Куттуктап сени бааласаң,
Кабыл ал Люда эжеңдин.

### Гуля Абдрахмановага

Жетелеп мени эжекем,
Маңдайың жарык березем.
Наставник болуп мен үчүн,
Кам көрөсүң дайым сен.

Сыйлыгыңыз кут болсун,
Ден-соолугуңуз бек болсун.
Ишиңиз болуп жогору,
Офиске дайыма эл толсун.

### Хаят Бюти компаниясынын каржы мүдүрү Эгембердиева Рита Эркинбековнага

Сүйүктүү биздин Ритабыз,
Маңдайы жарык жаныбыз.
Сүйкүмдүү бизге жылмайса,
Нур алабыз баарыбыз.

Сыйлыгың кут болсун,
Ден-соолугуң бек болсун,
Ийгилик болуп иштерде,
Бата алып Кудайдан,
Өмүрүң узун болсун,
Чоң болууга жолуң болсун.

## Өзүбекова Жибек Раимбековнага

Караколшаарынынобласттык Т.Сатылгановатындагымектеп-лицей интернатынын мугалими, Кыргыз Республикасынын Эл мугалими. Мен эженин портретин Ардак тактада көрүп жүрчүмүн, андан кийин таанышып ого бетер мени окуткан эжейди элестетип жиберди. Ошондо мен бала чактагы мектебим көз алдыма келе түштү. Жибек эжеке менен көп кездешип, анын элге жана мага кылган жумшак, назик, сүйкүмдүү, токтоолук жана жылдыздуу мамилеси менен менин жүрөгүмдү жылытып, кээ бир жашоодо кыйынчылыктарды жеңе билүүгө жолдорду көрсөтүп, кам көрөт. Эми мен күндө Ардак тактанын жанынан өткөндө Жибек эженин сүрөтүнө кубаныч менен карап жүрөм жана ырга кошуп жазгым келет. Ал күн да келип калды. Жазгы майрам да келип калды.

Майрамыңыз кут болсун Жибек эже,
Элдик сүйүү толо берсин силерге.
Ден соолугуңуз бекем болуп темирдей,
Жашооңузда узун болсун береке.

Эл арада сыймыктуусуз баарына
Үлгү алып жүргүм келет жанында.
Алтын эже мүнөзүңө ыраазымын,
Жылдыз нурун чачып турчу дайыма.



## Акбермет

Күн нурундай чачырап,
Жаркылдап турат жамалың,
Мээримди төгүп ар дайым,
Карайсың бизди айдайым.

О сулуу биздин Акбермет,
Мээримиң бизге дем берет
Камкордук кылдың биз үчүн
Сага таазим кылгыбыз келет.

Рахмат айтып биз сага,
Ыраазы болобуз дайыма.
Кудайдан бата тилешип,
Сүйөбүз сени дагы да.

## Менин элим

Кыргызстанда Ысык-Көл областындагы Түп районундагы Чолпон айлында төрөлүп, кыргызча окуп, кыргыз элим менен бирге өмүрүм өтүп жатат. Кичинекей бөбөктөн баштап, чоң ата, чоң энеге чейин мени өзүнүн жакынындай көрүшөт. Мен аларга абдан раазымын. Ошондуктан окуган классташтарыма, жердештериме жакшылык каалап жаңы жылыңар менен куттуктагым келет. Ошондой эле чоң алкыш айткым келип, бир аз ыр саптарымды арнагым келди.

Базарды аралап жүргүм келет,
Анткени эл менен сүйлөшкүм келет.
Ар биреөнүн ойлору мен үчүн даары,
Жылуу сөздөр көңүлүмө дем берет.

Кирип барсам автобустун ичине,
Жаштар мага орун берет тез эле.
Кайсы жолдо, мекемеде болобу,
Жаштар мага жолду берет бериле.

Бара жатсам кайсы жерде болбосун,
Салам берет элим мага жылмайып.
Кичинекей, мотурайган бөбөктөр,
Мени билбейт, салам берет жыргашып.

Оо, менин сүйүктүү элдерим,
Баарыңарга рахмат айтам дегеним.
Ден-соолуктар бекем болуп ар дайым,
Ийгиликте гүлдөп турсун иштериң.

**Хаят Бюти компаниясынын менеджери**
**Чыманова Асель Турдубековна**

Биздин Асель сүйүктүү
Маңдайы жарык жылдыздуу
Күлүмсүрөп ар дайым
Узатып турат иштиктүү.

Ден-соолугун каалайын,
Жакшылыгын самайын.
Эмгеги менен даңктальш,
Элдик кыз болсун ар дайым.

## Шабикова Сабирага
## 8-март майрамы менен куттуктайм

Куттуу болсун майрамың,
Бактылуу болуп ар дайым.
Даамдуу болгон тамагың,
Уланып турсун күн сайын.


Сүйүп берген тамагың,
Ичким келет тамшанып,
Даамдуу кылып жасайсың,
Жакшылык элге каалайсың.

Эл атынан айтайын
Бактылуу болгун ар дайым.
Сүйүктүү болуп элиңдин,
Сыймыгы болуп тур айым.

## Ашкананын кызматчысы Чынарага

Кызматыңды куттуктап мен келдим,
Каалоолорду саптарга жаза келдим.
Баталуу болсоң экен деп,
Кудайымдан тилек тилеп сурай келдим.


Ден-соолугуң бекем болсун Чынара,
Балдарыңдын бактысын көр дайыма.
Үй-бүлөөңдүн сүйүүсүн түгөтпөстөн,
Ала бергин, сүйө бергин Чынара.




*Чоң эне, таене,*
*Баары бирдей бериле.*
*Уул-кызын чоңойтуп,*
*Небере, чөбөрөсүн көтөрүп,*
*Сүйүнүп турат ар дайым,*
*Бактылуу болуп күн сайын.*

## Маша, Мария, Мариям

Мария менин неберем,
Туулган күнүн эскерем.
Алыста жашап турганда,
Катка жазып жиберем.



Сүйүктүү менин неберем,
Кат менен салам жиберем.
Окууң жакшы болсун деп,
Ден-соолук бекем болсун деп,
Бак-таалайлуу болгун деп,
Кудайдан бата сурайын,
Жакшыларды каалайын.



Сагынып турам өзүңдү,
Сүйлөп турган сөзүңдү.
Арманда болуп турамын,
Жете албай сага капамын.

Мүмкүн болсо келе кет,
Жытыңдан искеп алайын.
Колуңду кармап жетелеп,
Кичинеңдей басайын.

Болуптур жаным аман бол,
Ортобузда узун жол.
Узун жолду кыскартып,
Кат жообун эрте жибергин,
Таенем күтүп жатат деп,
Оюңа алып, бат келгин.

**Жеңиш күнү**

Куттуу болсун майрамыңар аталар!
Куттуу болсун майрамыңар апалар!
Фашисттердин ок алдында жүрүшүп,
Жерибизди, элибизди сактап турдуң аталар
Кыйналышып, оор ишти аткарып,
Фронтко жардам берип жүрдүң апалар.

***

Жеңиш күнү силер үчүн ыйык күн,
Жеңиш күнү силер үчүн кымбат күн,
Жеңиш менен жашообузга тынчтыкты,
Алып бердиң, сактап бердиң биз үчүн.

***

Сүйүктүүлөр мен силерге таазим кылам
Чын жүрөктөн чоң рахматты айтамын,
Ден-соолуктар болуп туруп ар дайым,
Узун өмүр, тынч жашооңду каалаймын.



## Драмтеатрдын кызматкерлерине

Касымалы Жантөшев атындагы драмтеатрдын кызматкерлерин Нооруз майрамы менен куттуктайм. Анткени алардын эмгегин, адамга кылган мамилесин көрүп, жүрөктү кубандырып турушат. Мен Каракол шаарынын тургуну болуп, драмтеатрга барып турам. Мен үчүн искусство эң баалуу болуп эсептелет. Көңүл ачуу, эл менен кезигүү, алар менен учурашып, бугунду ачасың. Ошондуктан чын жүрөгүмдөн аларды куттуктап, бир кичинекей болсо да ыр саптарды арнагым келет деп,- Людмила Трофимовна Пиотровская.

Майрамыңар кут болсун,
Ден-соолугуңар бек болсун.
Иштеген иштер акталып,
Көрүүчүлөр көп болсун.

Ыраазы болуп силерге,
Рахматымды айтамын.
Ийгилик болсун ар дайым,
Чын дилимден каалаймын.



## Жаңы жылыңар менен жердештер!

Жердештерге саламымды айтайын,
Калоолорду сапка кошуп ырдайын.
Жаңы жылың, аңы жылың кут болуп,
Күн нурундай бакыт берсин ар дайым.

Ден-соолукка шаңдуу күлкү улансын,
Достук күчтөр сүйүү менен башталсын.
Ар бир үйдө тынчтык болуп ар дайым,
Теңиримдин алып тургун батасын.

## Мекенди коргоочуларга

Куттуу болсун майрамың,
Жылдыздуу болсун маңдайың.
Элибиз тынч жатсын деп,
Коргоочу бизди сактайсың.

Рахмат сага жоокер,
Күн-түнү сакчы жайдасың.
Душмандан коргоп мекенди,
Сүйүүнү элге арнайсың.

Ден соолугуң бек болсун,
Ийгиликке күч толсун.
Сүйүктүүсү болуп элимдин,
Кудайым дайыма колдосун.

## Ардактуу апалар, эжелер-сиңдилер!

Жаркыраган жаз айы, кирип келген 8-март майрамыңыздар менен куттуктап, ден-соолугуңардын бекем болушун, ишиңердин ийгилигин, эл арасында, үй-бүлөдө тынчтык, сүйүү болушун чын жүрөктөн деп...

Куттуу болсун майрамың апалар, эжелер-сиңдилер,
Баарыңарды куттуктап жазгым келет көп нерселер,
Элимдин сүйүктүүсү болуп туруп ар дайым,
Колдоруңда толуп турсун дайыма берекелер.

Акын болбосом да сүйүүм толуп турсун силерге,
Силер үчүн ден-соолукту берип тур деп кайрылайын Теңирге.
Ар дайым гүлдөп туруп, жашооңордо,
Татыктуу кызматыңар болуп турсун элдерге.



# *КААЛООЛОР*

## Милиция

Мен милиция кызматкерине ишенем,
Иштеген иштерине баа берем.
Ысык, суук болобу, өмүргө зыян torойбу?
Бизди сактап турганга, ыраазычылык келтирем.
Нооруз майрамы менен куттуктап,
Ырга кошуп жиберем.

Иштеген иштери оң болсун,
Ден-соолуктары бек болсун.
Кызматы элге көрүнүп,
Жашаган жери баталуу болсун.
"Ырыстын алды ынтымак" дегендей,
Мекенимде тынчтык болсун.

## Нуржамал

Бир татынакай тааныш кызым бар,
Ушунчалык мээримдүү мүнөзү бар.
Мага кылган мамилеси укмуштай,
Жылуу сөздүн, жакшы ойдун түрү бар.

Кезикпесем сагынып мен турамын,
Көрүшкөндө кубанычта каламын.
Айта турган сөздөрүмдү камдап мен,
Унутпастан оюма бек тутамын.

Бактылуу бол татынакай Нуржамалым,
Өмүрүңө бакыт берсин, бата берсин Кудайым.
Ден соолугуң бекем болуп ар дайым темирдей
Рахмат айтып, ушул ырды сүйүү менен арнадым.


## Жамийла

Татынакай Жамийла,
Сылык жүрөт дайыма.
Үзбөй туруп саламын,
Адамды сыйлап жылмая.

Иштеген иши соодагер,
Кайрылып келет көп элдер.
Жомоктой үй “Ням-нямда”,
Даамдуу турган тамакты,
Раазы болуп жегендер,
Рахматын айтып кеткендер.

Асиянын сиңдиси Жамийла,
Бирге иштейт Жамийла.
Ыраазы болуп дайыма,
Айткым келет аларга.

Ден соолугу бек болсун,
Үйүнө бакыт куш толсун.
Ойлогон ою ишке ашып,
Эң таалайлуу кыз болсун.



## Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкана

Үйгө китеп алсам да,
Залда окуп турсам да.
Эс алгандай болуп мен,
Баргым келет дайыма.

***

Ыраазычылык келтирем,
Сүйүү менен берилем.
Нооруз менен куттуктап,
Саламымды жиберем.

***

Кызматчылар баарына,
Ден-соолукту каалаймын.
Иштеген иштерине
Сыймык менен баалаймын.

***

Окууга окуу улансын,
Кыргыз тилим баалансын.
Окуу залы жаркырап,
Кудайдан бата жалгасын.

## Мадинага

Салам кат сага жазайын,
Сүйүүмдү сага арнайын.
Сүйүктүү досум келет деп,
Жолуңду күндө карайын.

Сагындым сени кандайсың,
Көпкө келбей кайдасың.
Айтылчуу сөдөр көбөйүп,
Сырымды сага айтайын.

Тезирээк келчи сырдашым,
Шаарда бирге басалы,
Сагынган жүрөк басылып,
Сырларды чечип алалы.

Көрүшкөнчө аман бол,
Ден-соолукту каалайын.
Кыска болсун узун жол,
Алдыңан тосуп чыгайын.

## Врачтарга

Куттуу болсун 1-май майрамың,
Кубанычта болуп турсун жылдарың.
Ден-соолуктар бекем болуп ар дайым,
Үй-бүлөөдө күйүп турсун жылдыздарың.

Ыраазы болуп силерди барктаймын,
Өмүрүмдө силерсиз кантип жашаймын?
Ар кай жерим ооруп турса чыдабай,
Ошол замат силерге мен барамын.

Врачтарым, кесиптериң, өтө кымбат, өтө татаал,
Адамдын өмүрүн сактап турсаң, кандай жыргал.
Адал иштеген иштериң бааланып,
Дайым элге болуп турсун таанымал.

## Райкүлгө

Райкүлгө жаздым бул ыр саптарды,
Эстей жүрсүн деп,- айтылгандарды.
Өзүнүн элге кылган мамилеси менен,
Кубандырып узатат баргандарды.
***
Райкүл синдим соода кылат ашлянфуда,
Үй-бүлөөсү: үч баласы, жолдошу бар.
Мээримдүү Райкүл – жакшы эне турганда,
Балдар менен күйөөсүнүн багы бар.
***
Ден соолугу бекем болсун ар дайым,
Жашоосунда бата берсин Кудайым.
Жылдыз сымал чачыраган нурлары,
Жылмайганы жанып турсун ар дайым.

## Ак халатчан Айнурага

Маңдайы жарык Айнура,
Иштери чынчыл дайыма.
Адамды сүйүп узаткан,
Дарыны сатып баарына.

Түшүндүрүп бергени
Суроо менен келгенди.
Узатып калат жылмайып,
Кыялы түзүк эмести.

Кеп дарыда эмес да,
Жылуу сөз менен турганда,
Кагылайын Айнура
Бактылуу болгун дайыма.

Балдарың менен жанаша,
Аман болуп көп жаша.
Кудай сени ыйыктап,
Баталуу болгун баркыңда.

### Айгүлгө

Жылдыз сымал турат сенин жамалың,
Күлүмсүрөп сүйлөп турсаң ардагым
Көргөн сайын жүрөгүмдү жылытып
Сага сиңдим ден-соолукту каалайын.

Бактылуу бол узун өмүр жашагын
Эл арада үй-бүлөңдө сүйүү болсун ар дайым!
Күлүмсүрөп жылдыз нуруң түгөнбөй,
Баарыбызга чачып тургун ар дайым.

Ийгиликтүү дайым болсун иштериң,
Элим сага келип турсун дегеним.
Тор сыяктуу чоң-чоң болуп согулуп,
Ден-соолукка бизнес кошо тизилсин.

### Гүлнарга

Салам кат сага жазайын,
Ырыма кошуп ырдайын,
Саламат эсен жүрөгой,
Сүйүктүү менин Гүлнарым.

Жылдыздай турган жамалың,
Жылмайып мага карадың.
Эже деп мага сүйүүңдү,
Жан дилиң менен арнадың.

Рахматымды айтайын
Жакшылык сага каалайын,
Бактылуу болуп ар дайым,
Ден-соолуктуу бол жаным.

Сүйкүмдүү болуп элимдин,
Баталуу болуп жеримдин.
Кудай сени жалгасын,
Балдарың дайым барктасын.

## Гуляга

Гуля менин сүйүктүү сиңдим,
Төркүнүм десем болот го деймин.
Жылмайып турган кабагың ачык,
Ар дайым тосуп турасың мени.

Энекең менен дос элем дайым,
Эсимден кетпейт сырдашкандарым.
Азыр сени көргөндө жаным,
Келгенсип турат курдашым, айым.

Ден-соолук болсун ар дайым сенде,
Каалаган максат так турсун иште.
Сүйүктүү болуп ар дайым Гуля
Татыктуу кызы болуп жүр элде.

## Көп жылдан бери дүкөнчү болуп эл арасында кадыр-баркка ээ болгон Майрамга

Бир дүкөнгө киргим келет ар дайым,
Бут кийимди сатып турат бир айым.
Сылык-сыпат көңүл менен тейлеген,
Суроо берсең жооп берет жылмайып.

Аты Майрам мүнөзү бар жылдыздай,
Өз ишин жакшы көрөт жанындай.
Элди тейлеп жакшынакай узатып,
Сатып алчуу ыраазы болуп калгандай.

Бекем болсун ден-соолугун каалаймын,
Сылыгына рахматымды айтайын.
Ийгиликтүү болуп турсун иштери,
Чын жүрөктөн тилегимди самайын.

## РЭСтин башкы контролеру Тумарыма

Сүйүктүү менин Тумарым,
Маңдайың жарык ардагым.
Адамга кылган мамилең,
Жүрөккө түшөт бир дарың.

Ден-соолук сага каалайын,
Бир аз ыр сага арнайын.
Бактылуу болуп жашагын,
Кудайдан бата сурайын.

Ийгилик болсун ишинде,
Сүйүктүү болгун элиңде.
Кызматың болсун пайдалуу,
Мекениң Кыргыз жеринде.

Ушуну менен бүтөйүн,
Синдим деп сени күтөйүн.
Кезиккенде ар дайым,
Салам айтып жүрөйүн.

## Нургүл сиңдиме

Кубанып турам өзүңө,
Таанышып айткан сөзүңө.
Бактылуу болуп ар дайым,
Жыргалдуу жаша сүйүнө.

Адамга кылган мамилең,
Жылдыз сымал турасың.
Нуруңду элге чачтырып,
Күн нурундай жайнайсың.

Мага кылган мамилең,
Узарып турсун далайга.
Баталуу болуп ар дайым,
Жашооң өтсүн 100 жылга.

Ден соолугуң бек болсун,
Үйүңө бакыт куш толсун.
Ырыстын алды ынтымак,
Үйүңдө достор көп болсун.

## Алина сиңдиме

Алыста турган сиңдиме,
Салам айтам бериле.
Ден-соолук сага каалап мен,
Ыр жазамын эскерме.

Ийгилик болсун ишиңде,
Баталуу болгун жериңде.
Сагынып калсаң бизди сен,
Сен үчүн сүйүү сезимде.

## Лирага

Куттуу болсун кызматың,
Сүйүнүп турсун жамалың.
Аппак болгон халатың,
Ак жолтой болуп жашагын.

Ден-соолугуң бекем болсун,
Үй-бүлөөңө кут болсун.
Элиңдин сүйүктүү кызы болуп,
Жүрөгүңө сүйүү толсун.

## Асылкан

Сүйкүмдүүсүң Асылкан
Маңдайың жарык карасам.
Жүрөгүң таза толкунуп,
Адамды сүйүп сыйлаган.

Ырга кошуп жазайын,
Ден-соолугуң каалайын.
Татынакай Асылкан,
Сүйүктүү болгун ар дайым.

## Драмтеатрда кызмат кылган Гүлнурга

Сүйүктүү менин Гүлнурум,
Саламга ырды коштодум.
Кандай жүрөт экен деп,
Сагынып сени ойлодум.

Таанышканбыз жакында,
Бирок окшоп көп жылга.
Жакшынакай мээримиң,
Дары сымал адамга.

Раазычылык келтирем,
Сендей сиңдим барына.
Достук менен берилем,
Жылдыз сымал нуруна.

Ден-соолукту каалаймын,
Бактыңды кошо самаймын.
Сен үчүн каалап жакшылык,
Кудайдан бата сураймын.



## Асылга

Алыста турган курдашым,
Сагындым сени сагындым.
Эстеймин бирге жүргөндү,
Сен элең менин сырдашым.

Асылым сенсиң Асылым,
Көргөнгө сени самадым.
Келеби деп жолуңду,
Ар дайым Асыл караймын.

Асыл, Асыл, Асыл дос,
Ортобузда алыс жол.
Катка жазам саламды,
Кымбаттуу Асыл аман бол.



## Гала синдиме

Алыста турган синдиме,
Кат жазамын бериле.
Жообу качан келет деп,
Жүрөгүм туйлайт тим эле.
Кандай жүрөт экен – деп,
Чыдамым кетет эзиле.

Сагынып турам өзүңдү,
Көргүм келет жүзүңдү.
Он жылдан ашык көрүшпөй,
Караймын алыс жолуңду.
Айтылбай турган сырлар көп,
Сагындым синдим сөзүңдү.

Сүйүктүү менин Галочкам,
Дениң сак болсун ар дайым.
Жаңы жылды куттуктап,
Сапка кошуп жазайын.
Көңүлүңдү көтөрүп,
Ырымды сага арнайын.



# АР КАНДАЙ ТЕМАДАГЫ ЧЫГАРМАЛАР

## Асияга

Куттуу болсун 8-март майрамың,
Өмүрүндө кубанычтуу болуп турсун жылдарың.
Ден соолугуң бекем болуп темирдей,
Жылдыз сымал болуп турсун жамалың.

Ийгиликтүү болуп өтсүн иштериң
Барктап сени сүйүп турсун элдериң.
Үй-бүлөөңдө бакыт болуп ар дайым,
Рахаттанып көрө бергин берекесин.

## Таанышуу

Биз ал күнү таанышканбыз кечинде,
Жакшынакай жашыл бактуу жеринде.
Ушунчалык кубанычта мен болуп,
Баталуумун, бактылуумун элимде.

Рахмат, рахмат айткым келет баарыңа,
Ден-соолуктар жакшы болсун дайыма.
Эркин, Элвир, Динара,
Бакыт каалайм баарыңа.
Биздин достук бузулгус,
Бекемдесин таалайга.

**Энеме**

Эне мен келдим алыстан,
Сагынып жүрдүм сени башынан.
Убакыт өтпөй кармалып тургансып
Санадым жылдарды, айларды, күндөрдү
Уксам деп тезирээк үнүңдү баарынан.

Сагындым сылаган колуңду,
Алдыман чыккан жолуңду.
Таптаттуу кайнаткан чайыңды,
Баарыдан сагындым өзүңдү.

Энекем менин энекем,
Эми алыска мен кетпейм.
Жүрөгүңдү капа кылбайм деп,
Сен үчүн эмне кылсам деп?
Актагым келет сүтүңдү,
Энелик берген сүйүүңдү.
Канчалык түндө уктабай,
Санаада турган оюңду.

Актагым келет актагым,
Энелик болгон түйшүктү.
Рахмат сага энекем,
Бапестеп мени бакканың.
Эч качан капа кылбастан,
Камкордук кылып жатканың.

Энекем менин энекем,
Колуңда толуп берекең.
Кудайым берсин батасын,
Узун өмүр жалгасын.

## Ата

Ата мен сага зар элем кичинемде,
Көргүм келип жүрчү элем эстегенде,
Кайдасың деп, ойлоп-ойлоп жадаганда,
Оюнга азгырылып кетчү элем эриккенде.

***

Чоңойдум, сен келбедиң мени издеп,
Түңүлбөй күтө бердим сени эстеп.
Бирок сен унчукпастан жашай бердиң,
Мээримди мага бербей мени искеп.
Балалуу мен да болдум өз убакта,
Али да келген жоксуң күттүм канча.

***

Бир күнү издеп бардым мен өзүңдү,
Короодон көрдүм сени ал убакта.
Уулуң менен иштеп жаттың сулуу болуп,
Эми мен сүйлөшөм деп турган кезде,
Аялың сүйлөштүрбөй үйгө кир деп,
Бир топко мени менен үй ичинде,
Мактанып, сүйлөй берди жүдөтүп,
Кайра мени узатып жолго салды.

***

Андан бери далай жылдар зымырады,
Учкан куштай өтүп кетип арманда,
Мени кошо ал жылдарым карытты.
Кайра дагы издеп барсам өзүңдү,
Ата эмес үйүң кошо жок болуп,
Дайның таппай, көрбөй калдым жүзүңдү.
Өмүрүмдө арман болуп ар дайым,
Укпай калдым сүйбөй калдым сөзүңдү.

## Нооруз майрамы

Биз жакка Нооруз келдиңби,
Жаңы жыл алып келдиңби?
Күтүп сени сагынып,
Санадым айды сездиңби?

Асмандан таза абаны,
Мен үчүн алып келипсиң.
Жаз жарыш деп эмгекке,
Жаңы күчтү берипсиң.

Рахмат сага Ноорузум,
Супсулуусуң кундузум.
Бүт жер бетин көрктөнткөн,
Эмгегиңди коштодум.

Өткөн жылга раазымын,
Бактылуу болуп жашадым.
Кудайдан алып батаны
Өмүргө жашты уладым.

## Өмүр

Жашоо жыргал жашоо өмүр булагы,
Жашоо үчүн эмгек кылсаң жыргалы.
Өмүрүңдө туура эмес жол жүрсөң,
Анда жашооң жарык эмес байкагын.

***

Мен жүрөмүн ыраазы болуп өмүргө,
Жакшы күндөр, жакшы жылдар көңүлдө.
Ката кеткен күнөөлөрдү сезип мен,
Шарт түзөмүн туура жолдо жүргөнгө.

## Өмүр бою жаңы жыл

Жыл сайын тосуп турам жаңы жылды,
Унутпастан жашап өткөн эски жылды.
Эски жылды жаңыртып жаңы жылга,
Кудайым сен кошосуң жаңы күчтү.

Канчалык жакшылыктарды көрдүм эски жылда,
Дагы да улантылат жаңы жылда.
Жаңы жылым, жаңы жылым сен мага,
Өмүрүмө бакыт жолун узартасың дагы да.

Өмүрүмдө мен ыраазымын Кудай сага,
Мен үчүн арнап турган жылыңа.
Канчалык жашап турсам өмүрүмдө,
Ырахмат, Сага мен ыраазымын дайыма.

## Жолдошума

Кымбаттуу менин жолдошум,
Кудайым сени колдосун.
Кырк алты жыл эмгекте,
Сыйлуу адам болгонсуң.

Отуз жыл Сары-Жазда,
Проходчик болуп жүргөнсүң.
Ооруларды тоотпой,
Акниет иштеп көнгөнсүң.

Полиартрит деген желмогуз,
Жеп салды сенин жаныңды.
Күндө сени өкүртүп,
Ичип салды каныңды.

Армандуу болуп жашайсың,
Кайгырып мага айтасың.
Иштегиң келет дайыма,
Айлаң жок кантип жыргайсың.

Жөлөгүң аял турганда,
Пенсия алып жатканда.
Өлгүң келбей турса да,
Ооруу болбой көгөрүп.
Өлтүрөм деп жатканда,
Онтоп жүрөк туйлады.

Сүйүктүү менин жолдошум,
Таң калам сенин күчүңө.
Чыдамдуу экен кыялың,
Сүйүнүп турам өзүңө.

Күч кубат берип Кудайым,
Ыраазы болуп турамын.
Рахмат айтып ар дайым,
Ишеним менен жашаймын.

**Ак кайың**

Үйдүн түбүндө бир ак кайың бар эле,
Көз сүйүнтүп бутактары ийилип турчу эле.
Бир күнү карасам ал багым жок,
Түбү да кошо жулунуп кеткен эле.

Мен каргабай жөн эле жүрөм,
Жүрөгүм сыздап ордунан өтөм.
Бирок түшүнбөйм алган кишинин,
Жүрөгү таш окшойт деп коем.

## “Иссык-Куль Тур” редакциясына

Кымбаттуу “Иссык-Куль Тур” редакция кызматкерлери! Жаңы жылыңар менен куттуктап, өткөн жылды ийгиликтүү, ден-соолуктуу, чын жүрөгүңөр менен ишиңерди жана окурмандарга сүйүү менен кылган мамилелер үчүн чоң ырахматымды айтамын. 2007-жылды ушундай чоң ийгиликтер менен жана ден-соолукта, көк асманда тынчтык болсун! Ошондой эле үй-бүлөлүк, элдик сүйүү болсун деп чын жүрөгүмдөн каалайм!

Басма жакка убагында келемин,
Жаңылыкты сизден окуп билемин.
Кандай сонун редакциялар турганда,
Көңүлдөрү ачылат го элдердин.

Ырахмат, ырахмат айткым келет силерге,
Бакыт-таалай, күлкү болсун силерде.
Күн нурундай үйүңөрдө ар дайым,
Кудайымдан келип турсун береке.

## Таш боор жүрөк

Гүлдү баары жакшы көрөт аны көргөндө,
Бирок көпчүлүктөр качышат өстүргөндөн.
Гүлгө окшоп качышат баладан да,
Өзүн-өзү багалбай жүдөгөндө.

Байкуш балдарга жүрөгүң ачышат,
Нан берчи деп, элдерге жабышат.
Жүрөгү таш боор энелер экен,
Балдарын унутуп, аракты аңдышат.

## Сүйүү

Сүйүүнүн жолдору көп карап турсаң,
Сүйөм деп апама айтып барсам.
Апакем сүйүнүп мени карап,
Кучактап мени сылап, мен жыргасам.

Сүйөм деп баламды мен өпкүлөсөм,
Боорума бекем кысып мен күлдүрсөм.
Баланын жытынан искеп-искеп,
Баарынан бактылуумун деп жүрсөм.

Күйөмдү сүйөмүн деп көңүл бурсам,
Дайыма эртең менен салам айтсам.
Жылмайып мээримин мага чачып,
Бакытым, таалайым деп мен жыргасам.

Досторду сүйгөнүмдө достук болот,
Сырдашсам сырыңа бекем болот.
Кыйналсаң капа болуп ар нерсеге,
Дайыма достордон жардам болот.

Сүйүүңдү кошунаңа арнап турсаң,
Киришип бири-бириңе жардам кылсаң.
Кошунаң жакшы болуп жашаганда,
Билинбейт начар үйдө жашап турсаң.

Душманды кечире бил аны сүйүп,
Кас болбой, жаман болбой.
Анткени сени да мени да Кудай сүйүп,
Күнөөбүздү кечирет го кекчил болбой.

Төрөлгөн мекенимди сүйгөнүмдө,
Рахаттанып көчөлөрдө жүргөнүмдө.
Душмандан сактап бекем коргогондо,
Тынч турса менин элим жүрөгүмдө.

Жараткан Кудайымдын байлыктарын,
Сактасам бапестеп гүл бактарын.
Ар дайым Кудайыма ыраазы болуп,
Ыйыкталып, алып турсам баталарын.

## Томас, Гүлзат, Азамат

Томас, Гүлзат, Азамат,
Жүргөн жери дайыма шат.
Кубандырып адамды,
Аңгемени курушат.

Мына бүгүн мен жакка,
Басып келди досторум.
Сүйлөп турдум бир паска,
Айтылып турду ойлорум.

Саламатта жүрсүн деп,
Ырга кошуп жазайын.
Тез-тез келип турсун деп,
Үмүттөнүп турайын.

## Топ, топ, томолок

Апа берчи тобумду,
Баштайын оюнду.
Кубалап барайын,
Торобо жолумду.

Топ, топ, томолок,
Алыс жакка барбагын.
Кичинекей бөбөкмүн,
Чуркай албай каламын.

Жаныңа мен барайын,
Сени кармап алайын.
Жүрү тобум тоголок,
Үйгө шашып кайтайын.

## Кудайыма ыраазымын

Зымырап өмүр өтүп жатат,
Жылга жылдар кошулуп турат.
Жашоонун баркын түшүнүп жатып,
Жакшылар дайыма оюмда калат.

***

Баталап мени Кудайым турат,
Алкышты айтсам кубаныч калат.
Кудайым берсе жашоону дагы,
Туулган күнүм алдыда турат.

## Гүлмирага

Салам кат сага жазайын,
Ал-жайыңды сурайын.
Кошуна элең сүйүктүү,
Көчүп кеттиң, кабар берчи,
Өрлүктөп сага барайын.

Сагындым сиңдим Гүлмира,
Күтөмүн сени дайыма.
Ден-соолук сага каалайын,
Ийгилик болсун баарында.

Балдарыңдын бактысын,
Көрүп тургун Гүлмира.
Бактылуу болуп үй-бүлөң,
Сүйүп турсун Гүлмира.

Ушуну менен бүтөйүн,
Кат жообун сенден күтөйүн.
Кезиксем деп тезирээк,
Үмүтүмдү үзбөйүн.

## Шакенге

Куш бооң бек болсун,
Үй-бүлөң бактылуу болсун.
Ден-соолук болуп ар дайым,
Үйүңө бакыт куш толсун.

Кудайым берсин батасын,
Узун өмүр жалгасын.
Эч качан кайгы көрбөстөн,
Балдарың кошо жыргасын.

Ушуну менен бүтөйүн,
Кезигүүнү күтөйүн.
Жылдыздуу Шакен эсен бол,
Сени эстеп жүрөйүн.

**Сиңдим Турсунбүбүгө**

Гезит ташып, кат таратып турасың,
Эл арада жылдыз болуп жанасың.
Көптөн бери иштеп жаның тынчыбай,
Баарыбызга жетип турат жамалың.

Эмгегиңде болуп турсун ийгилик,
Үй-бүлөңдө гүлдөй берсин тынччылык.
Татынакай балдарыңдын бактысы,
Болуп турсун сага жардам ак баталык.

Жакшы кабар колдоруңдан таралсын,
Эмгектериң эл арада бааланcын.
Ден-соолугуң бекем болуп ар дайым,
Узун өмүр Кудай сага жалгасын.

*Пенсионер Людмиладан*

**Кесиптердин баардыгы жакшы**

Эң биринчи жакшы көрөм врачтарды
Дары берип укол сайып тургaнды.
Адамзаттын өмүрүнө дем берип,
Өлүмдөрдөн алып туруп жатканды.

Сүйүү менен карап калам солдатты,
Мекенимди, мени дагы коргоп жашап жатканды.
Чек арадан эч бир жанды киргизбей,
Ак ниеттик иштер менен турганды.

Милиция, милиция мен үчүн,
Коргоп турат жаманчылык кокустан.
Ыраазычылык болуп турам аларга,
Мекениме, элдериме кызмат кылып жатканды.

Нан бышырса кандай сонун ырахат,
Буркураган жыты чыгат асманга.
Ак халаты жарашкандан жарашып,
Мээримдерин төгүп турат барганга.

Түрлүү тамак бышып турса дайыма,
Көңүл менен барып турсаң жанына.
Жылмайганда көңүл менен аш берип,
Ыраазы болом ашпозчуга барганда.

Сүрөт тартсак кандай сонун көрүнөт,
Үй курулса, куруучулар жарашып.
Техниканы иштеткендер кубанып,
Барктуу болуп эл арада жүрүшөт.

Жашообуздун фундаменти мугалим,
Кесиптерди арнап берет ар дайым..
Баарына ыраазычылык келтиргим
Келе берет, келе берет күн сайын.

**Ысык-Көл телестудиясына, "Ысык-Көл кабарлары" гезитине, ошондой эле журналисттерди жаңы жылыңар менен куттуктайм.**

Жаңы жылың кут болсун,
Жүргөн жериң шат болсун.
Жакшы кабар жаратып,
Кучагыңа бата толсун.

Сүйүктүү болуп элиңдин,
Пайдалуу болуп жериңдин.
Темирдей болуп ден-соолук,
Батасын алып Теңирдин.

## Мугалим

Кичинемде мектебимдин босогосун аттадым,
Мээрим менен, сүйүү менен тозуп алды мугалим.
Андан бери далай жылдар өтүп кетип,
Агайымды, эжейимди сагындым.

Салам айтып, ыраазычылык келтирем,
Ата-энемдей эмгектерин эскерем.
Өз үйүмдөй жакшы көрүп ар дайым,
Мектебимдин окууларын бүткөм мен.

Сыймык менен айткым келет баарыңа,
Ден-соолукту каалай берем дайыма.
Эмгегиңдин ийгилиги чоң болуп,
Элдик сүйүү, бакыт, таалай толуп турсун даңкыңа.

## Агайлар жана эжейлерге

Агайларды, эжейлерди сагындым,
Көргүм келет, уккум келет аларды.
Акындыгым жок болсо да,
Кагаз, ручка кармадым.
Бир аз сапты арнадым.
Узун болсун өмүрүң,
Окуучу болсун жөлөгүң.
Эмгегиңди баалап биз,
Сагынган жүрөк көп болсун.

## Айжаркынга

Ажарлуу сенин жамалың,
Жаркырап турган маңдайың.
Күлүмсүрөп ар дайым,
Адамды тосуп турганың.

Рахмат сага айтамын,
Ден-соолукту каалаймын.
Ишиңде болсун ийгилик,
Баталуу болуп ар дайым.

## Кошунам Алвинага арнайм

Жаңы жылың куттуу болсун Алвина,
Ден-соолугуң жакшы болсун дайыма.
Үй-бүлөөңдө сүйүү болуп ар дайым,
Кудай сага бата берсин Алвина.

Кошуналык сүйүүм сага бар болсун,
Ынтымактуу кошуналар көбөйсүн.
Ар бирөөңдө болуп турсун ийгилик,
Кызматтарың өсүп турсун өнүксүн.

***

Куттуу болсун тоюңуз,
Баталуу болсун үйүңүз.
Ден-соолуктар бек болуп,
Ийгиликте жүрүңүз.

Тойго тойлор улансын,
Силерди Теңир жалгасын.
Узак өмүр сүрүшүп,
Үйдүн ээси баркталсын.

## Дистрибьютор жана конокторго

Коллега менен коноктор
Баарыңа салам айтайын
Бекем болсун ден-соолук
Жалпыңа таазим кылайын.

Иштерде болсун ийглик,
Жашоодо болсун тиричилик.
Сулуу болуп ар дайым,
Эч качан болбой кемчилик.

Пейилде болсун байлыктар,
Жашоодо болсун байлыктар.
Эмгектенип ар дайым,
Ишиңде болсун байлыктар.



## Каалоо

Урматтуу менин жердешим,
Ийгиликте болсун иштериң.
Ар кандай майрам турганда,
Куттуу болсун дегеним!

Кудайым колдоп силерди,
Ден-соолукка күч берсин.
Тынчтык, сүйүү, ынтымак,
Үйүңө дайым дос келсин!



## Искусство жана эл

2005-жылдын август айынын аяк күндөрү эле. Мен “Бугу” базарынан эшикке чыгып бараткенымда кулагыма Люся эже, Людмила эже деген сөздөр угулду. Бирок мен көңүл бурбай атым өзүмө жагымдуу угулган бойдон эшикке чыктым. Менин жашым пенсияга жеткени менен пенсияга өткөрө турган документтерди толуктай албай, кыйналып жүргөм. Анткени, иштеген жерден архивке өткөрүшпөй, макулатура сыяктуу кош көңүлдүүлүк менен ыргытышкан. Алардын күнөөсүнөн мен куурап жүрүп, бир аз жер жагакты стакандап сатып, кайыр сургандай өзүмдү сезип жүрөм. Үйдө болсо оорукчан инвалид жолдошумдун пенсиясына таянып дары-дармек, тамак-аш жана башка керектүүгө жардам бергим келет. Бирок оорусуна жараша көбүнчө үйдөмүн, анткени жолдошум көбүнчө төшөктө жатат. Ошентип, мен жер жаңгакты стакандап сатып, базарды аралап бүткөн соң, остановкаларды кыдырдым да, кайра “Бугу” базарга кирип капа болуп туруп калдым. Бир убакта:

-Эже, саламатсызбы?-деп жаш жигит жаныма басып келди.

-Мени таанып жатасызбы? –Мен оңтойсуз болуп турдум. Себеби мени тааныгандар баары эже-деп сыйлашат. Анткени, менин туулган Кыргызстан мекенимдин Ысыккөл областына караштуу Аксуу районунун Каракол совхозундагы Чолпон айылында төрөлгөм. Ал эми мектепти Долон, Талды-Сууда кыргызча окугам. Демек, менин сүйүктүү элим, менин кымбаттуу жерим Кыргызстаным! Кыргыз элим бүт мага ата-эне, ага-эже, ини-сиңди болот да, баары мени таанышат, баарына мен ыраазымын. Ошондуктан жаш жигит салам бергенде “эстей албай, таанбай жатам”-деп уялып кеттим.

-Эже, мен Нурбекмин. Ысыккөл районунун Корумду айылында Дайырбек, Айгүлдүн баласымын десе.

-Ии алтыным, ушунча чоңойдуңбу? Убакыттын өткөнүн карачы, мен ал айылдан кеткениме 9 жыл болду. Сен кичинекей элең, үйүңөргө көп баргам, жакшы кошуна элек. Мен үйүңөргө барганда Нурбегим сен ошондо "Эже жакшысызбы?"-деп саламыңды үзбөй наристелик таза пейилиң менен жылмайып, "мамам үйдө, кириңиз"-дечү элең. Азыр да ошондой экенсиң. Чоңойгондо таанылгыс болуп калат, көпкө көрүшпөсө.

-Рахмат, алтыным учурашканыңа,- деп сүйүндүм. Ойлонуп капа болуп турганда, Нурбектин саламы дары бергендей жандана түштүм. Ооба, азыркы кыйын жашоодо адамдын жылуулугу, жумшак сөзү дары болуп калды. Анткени, элдин бары эптеп күн көрүүнүн аркасы менен алек.

Нурбек Дайырбек уулу 1985-жылы 29-сентябрда Ысыккөл районунун Корумду айылында туулган. Беш бир тууган. Кезекте "Тунгуч" театрында солист болуп иштеп жатат. Ошондорй эле Бишкек шаарындагы көркөм-өнөр институтунда фольклор бөлүмүнүн 3-курсунда очно окуйт. Бул айтылгандын бары мен үчүн чоң жаңылыктар жана аябай кубанычтар болду. Нурбек мени көп жылдар бою көрбөсө да, үнүмөн таанып, бул Люся эже десе, жанындагылары "жок, бул Людмила эже"-деп жооп беришти. Чындыгында мени айылда Люся деп, ал эми Людмила деп паспорт боюнча чакырышат.

Мындай жаштар эне-атасын, өз мекенин, элин жалгыз улуулук жол менен гана сыйлабастан, аларды алыстан да таанып сыймыктанышат. Ошону менен бирге өзүлөрү да сыймыктуу болушат. Жердештеримдин балдары мен үчүн чоң сыймык.

Нурбек: "Эже, бүгүн драмтеатрга барып, концерт көрүңүз" дегенде кубанычым кучагыма толду. Баягы кичинекей наристе ырчы болгон турбайбы – деп драмтеатрга учуп бардым. Эгерде Нурбек мага кезикпей калса, бул концертти жана аткарган кишилерди да билбей калат элем. Азыркы оор турмушта бул

концертти жана аткарган кишилерди да билбей калат элем. Азыркы оор турмушта бул концерттин мааниси өтө зор. Биринчиден, ушунчалык сүйкүмдүү, кооз, адептүү, ачык, таза, кыйшың-мыйшыңы жок, сулуу туруп ырдагандары ичи бук болуп турган адамды күлдүрүп, сүйүндүрүп, аткарган оюн-шоокторду жаш артистердин иштери чоң иш. Экинчиден, тарбиялык мааниси бар, эмгек, тартип, эли-жерин сүйүп, коргоо менен бирге патриоттуулукка түздөн-түз багыттайт. Бул концерттеги топтун жетекчиси Асылбек Өзүбеков. Аларды көрүп, кубанычым кучагыма батпай концерт койгондордун баарына ыраазы болуп, көңүлүм кубаныч менен жүрөгүмө кадалды. Баарынан бул жаштар эмгеги менен мекенин, элин сүйүп, үй-жайын көпкө көрүшпөй, талыкпай эмгектенишип, элдердин көңүлүн көтөрүп, жер-жерлерди кыдырышат. Алардын талыкпай эмгектенгендери сахнада эле көрүнүп турбайбы. Мындан ары да өсө беришсин! Айланып кетейин сиңдилеримден, инилеримден. Алар кетээрде Нурбекке кезигип, Корумдуга жакында жумуштап барарымды айттым.

Нурбек:

-Эже, эне-атама бара кетиңиз, сөзсүз макулбу?.

-Ооба, барам, барам.

Нурбектин ата-энеси адилеттүү, кичипейил, боорукер, тартиптүү. Атасы Дайырбек айылда иштейт, энеси Айгүл мектепте завуч, чоң педагог. Балдары эне-атасын тартып, тартиптүү, чынчыл. Ырахмат, мындай тарбияга. Дайырбек, Айгүл жана балдарыңарды келе жаткан жаңы жылыңар менен ийгилик, ден-соолук, сүйүү болсун – деп (Люся жеңер) Людмила.

Ооба, мен буларды жазгым келип, мындан башка өзүмдө болуп өткөн окуяларды да эстей калдым. Башкача айтканда, мен концертти кичинекейимден бери жакшы көрчүмүн. Айылда

концерт келди дегенде мамама барып кандай суранарымды билбей, бир нече тегеректеп, эптеп суранып, сүйүнгөн бойдон чуркап кетчүмүн. Ошол убакта кыргызча күүлөр кулагыма сиңип, андан бери 50 жыл өтүп кетсе да, "машботой", "күйдүм чок", "мен ашык" жана башка драмалар "Курманбек", "Кыз Жибек" жана башка кулагыма эмгичекте угулуп турат. Мен кыргызча окуп жүргөндө ар бир жаңы чыккан ырчылардын ырларын ырдап турганда кичинекей сиңдим 2 жашында менден үйрөнүп турган. Мен болсом елкаларда, ар кандай оюндарда ырдап, ырахаттанчымын. Ал эми 7 жашымда Түп районундагы Арал айылында кыздар, балдар менен суунун боюнда концерт коюп ойночубуз. Биз чоңойгондо артист, ырчы болобуз – деп бири-бирибизге үмүттөнүп айтаар элек. Асанова Жибек, Карагулова Гүкү, Ашымов Жеңишбек. Чоңойгонубузда бир гана Ашымов Жеңишбек ырчы, диктор болуптур. Мен көп жылдан кийин 1975-жылы ноябрь айында Жеңишбекти телевизордон көрүп, ошол замат таанып аябай сүйүнгөм. Андан кийин дагы бир топ жыл өткөндөн кийин бирөөнүн үйүндө чай ичип олтуруп, столдо жайылып турган газетаны окусам, Ашымов Жеңишбектин каза болгонун окуп, ыйлап жибердим. Жаш кеткенине өкүнүчтүү, бирок аны сүйгөн эл унутпайт. Жыл өткөн сайын мен да карып баратам. Бирок менин сүйүктүү жердештеримди эч качан унутпайм. Алардын ден-соолуктарын каалайм.

Ал эми концертти дагы эле жакшы көрүп, мектептерден көрүп аларга кошулгандай болуп өзүмдү бактылуу сезем. Окуучуларга сүйүнүп турам, анткени искусствону 50 жылдын ичинде салыштырсам, аябай өскөн. Ошондой болсо да, балалык чактагы искусство унутулбайт. Ыр менин жөлөгүм, капа болуп турганда ичимден куңкулдөп ырдасам көңүлүм көтөрүлө түшөт. Ошондуктан, Касымалы Жантөшев атындагы драмтеатрыбыз бар болгонуна мен аябай ыраазымын. Бишкектен бери келип

турган артист, ырчыларга ден-соолук, иштерине ийгилик, эл аралык, үй бүлөөлүк сүйүү, тынчтыкта жашоону каалайм. Ошондой эле драмтеатрыбызда иштегендерди, АНТЕН ТВ да, Ысык-Көл теле берүүсүндө, ЭМТВда иштегендердин баарын жаңы жылыңар менен! Ишиңердин ийгилигин, эл аралык, үй бүлөөлүк сүйүүнү, ден-соолукту, тынчтыкта жашоону каалап, Кудайдан тилеп, искусстводо иштегендердин баарын чын жүрөктөн сүйүп, сыймыктанган Каракол шаарынын тургуну Пиотровская Людмила Трофимовна.



## Тыйын чычкан (кызык экен, окуп кой...)

Мындан он беш жыл мурун эки кичинекей тыйын чычкан карагайдан жыгылып, тумшугу канап, аларды мен үйгө алып бардым. Эми эмне кылып багаарымды билбей жатканымда, мышык кичинекей баласы менен бар эле. Мышыкка жакын алып бардым да эмне кылар экен деп, карап турдум. Ал тыйын чычкандарды жалап, эмизди. Ошентип алар чоңоюшту. Аябай тентек болушту. Кийин өзүнчө бөлмөгө киргизип койсом, ДСП менен жабылган терезени кемирип, тешип чыгышты. Эшиктен карасам кошунамдын короосунда карагай бар эле, ошол жакта турушуптур. Мен аларга Чижик, Рыжик деген ат берген элем. Аларды чакырсам, келишти. Мен сүйүнүп үйгө киргиздим. Дагы бирөө чыгып кетти. Мен экинчисин эшикке чыгардым. Эми келип турушат деп ойлодум. Бирок алар келишкен жок. Алардын оюндары аябай жакшы эле. Ошол убакта видик болсо эң сонун болмок. Мага кызык болгону мышык чоңойткону жана алар мышыкка үйүр алганы таң калтырды.



**Мазмуну**

КАНЫ ОРУС, ДИЛИ КЫРГЫЗ ТАЛАНТ................................ 4
Автордон ........................................................................................ 6
МЕКЕН БӨЛҮМҮ .......................................................................... 7
Кыргызстаным саламатпы! ......................................................... 8
Кыргызстан менин Мекеним ....................................................... 8
Менин Кыргызстаным.................................................................. 10
Мекеним Кыргызстан ................................................................... 11
Мекенимдин байлыгы................................................................... 12
Менин сүйгөн Мекеним! .............................................................. 14
КЫРГЫЗ ТИЛ БӨЛҮМҮ ............................................................. 15
Кыргыз тилим................................................................................ 16
Кыргыз тили .................................................................................. 17
Армандуу менин кыргыз тилим .................................................. 18
КАРАКОЛ БӨЛҮМҮ .................................................................... 19
Сүйгөн шаарым Каракол .............................................................. 20
Баталуу шаарым Каракол ............................................................. 21
Каракол шаарым көрктөнүп......................................................... 22
ЫСЫК-КӨЛ БӨЛҮМҮ .................................................................. 23
Ысык-Көл........................................................................................ 24
Мен көлүмдү сагындым ................................................................ 25
КУТТУКТОО БӨЛҮМҮ ................................................................ 27
Урматтуу Атамбаев Алмаз Шаршеновичке ............................... 28
Шаардык кеңештин төрайымы
Жумабекова Акылсайра Кадыралиевнага.................................. 29
ЫМУнин биология кафедрасынын окутуучусу
Качекова Шарипа эжейге ............................................................ 30
Журналист Жаналиева Шейшеканга........................................... 30
Каракол шаардык социалдык өнүгүү бирикмесинин
башчысы Аблабекова Чынарага................................................... 31
Менин сүйүктүү врачым Иманалиева Динарага арноо ......... 32

Гимназиянын директору
Осмоналиева Гүлиза Осмоналиевнага ................................. 32
Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкананын директору Мусиева Зоя Бектургановнага ................................. 33
Абдрахманова Айнура Советбековнага ................................. 33
Нурметова Диляра Наровнага ................................. 35
Судмедэкспертизанын Ысык-Көл облбюросунун кызматчысы Исаева Айнурага ................................. 35
Соодагер Айнурага ................................. 36
Биздин офис - Хаят Бюти компаниясы ................................. 36
Хаят Бюти компаниясы ................................. 37
Хаят Бюти компаниясынын вице-президенти
Далиева Роза Эшеновнага ................................. 38
2013-жылы 8-март аялдар күнүндө, Хаят Бюти компаниясы өзүнүн кызматчыларына белек тапшырганда Ырыскүлгө компьютер тапшырылды ................................. 38
Гуля Абдрахмановага ................................. 39
Хаят Бюти компаниясынын каржы мүдүрү
Эгембердиева Рита Эркинбековнага ................................. 39
Өзүбекова Жибек Раимбековнага ................................. 40
Акбермет ................................. 41
Менин элим ................................. 41
Хаят Бюти компаниясынын менеджери
Чыманова Асель Турдубековна ................................. 42
Шабикова Сабирага ................................. 43
Ашкананын кызматчысы Чынарага ................................. 43
Маша, Мария, Мариям ................................. 44
Жеңиш күнү ................................. 45
Драмтеатрдын кызматкерлерине ................................. 46
Жаңы жылыңар менен жердештер! ................................. 47
Мекенди коргоочуларга ................................. 47
Ардактуу апалар, эжелер-сиңдилер! ................................. 48

КААЛООЛОР ........................................ 49
Милиция ........................................ 50
Нуржамал ........................................ 50
Жамийла ........................................ 51
Түгөлбай Сыдыкбеков атындагы областтык китепкана ......... 52
Врачтарга ........................................ 53
Райкүлгө ........................................ 54
Ак халатчан Айнурага ........................................ 54
Айгүлгө ........................................ 55
Гүлнарга ........................................ 55
Гуляга ........................................ 56
Көп жылдан бери дүкөнчү болуп эл арасында
кадыр-баркка ээ болгон Майрамга ........................................ 57
РЭСтин башкы контролеру Тумарыма ........................................ 57
Нургүл сиңдиме ........................................ 58
Алина сиңдиме ........................................ 59
Лирага ........................................ 59
Асылкан ........................................ 59
Драмтеатрда кызмат кылган Гүлнурга ........................................ 60
Асылга ........................................ 61
Гала сиңдиме ........................................ 62
АР КАНДАЙ ТЕМАДАГЫ ЧЫГАРМАЛАР ........................................ 63
Асияга ........................................ 64
Таанышуу ........................................ 64
Энеме ........................................ 65
Ата ........................................ 66
Нооруз майрамы ........................................ 67
Өмүр ........................................ 67
Өмүр бою жаңы жыл ........................................ 68
Жолдошума ........................................ 68
Ак кайың ........................................ 69
"Иссык-Куль Тур" редакциясына ........................................ 70
Таш боор жүрөк ........................................ 70

Сүйүү ............................................................................. 71
Томас, Гүлзат, Азамат ............................................................. 72
Топ, топ, томолок ................................................................. 73
Кудайыма ыраазымын.............................................................. 73
Гүлмирага ............................................................................ 74
Шакенге................................................................................ 74
Сиңдим Турсунбүбүгө ............................................................ 75
Кесиптердин баардыгы жакшы ............................................... 75
Ысык-Көл телестудиясына, “Ысык-Көл кабарлары”
гезитине, ошондой эле журналисттерди
жаңы жылыңар менен куттуктайм. ......................................... 77
Мугалим ................................................................................ 77
Агайлар жана эжейлерге......................................................... 78
Айжаркынга........................................................................... 78
Кошунам Алвинага арнайм ..................................................... 79
Дистрибьютор жана конокторго ............................................. 80
Каалоо ................................................................................... 81
Искусство жана эл.................................................................. 82
Тыйын чычкан (кызык экен, окуп кой...) ................................ 87

*Пиотровская Людмила Трофимовна*

**Ысык-Көл ыргактары**
**Ритмы Иссык-Куля**

**Редактору Жыргалбек Апазов**

**Версткасы А.Керимбаевдики**

**«Мастер Принт» ЖЧК ПБ басылды**
**Коёнкөзов көч., 25**